**Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алууга сунуш кылынган диссертациялык ишине расмий оппонент, юридикалык илимдеринин кандидаты, доцент Кожомбердиев Бакыт Кожомбердиевичтин**

## ПИКИРИ

**1. Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Бүгүнкү күндө кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүшү менен мамлекеттик чек араны коргоо, анын коопсуздугун камсыздоо маселелери Кыргыз Республикасы үчүн абдан маанилүү. Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы, эгемендүүлүгү жана өнүгүүсү, мамлекеттик бийлик органдарынын натыйжалуу иштеши чек ара коопсуздугун камсыздоо деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендигин белгилесек болот.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда ар кандай согуштардын, аскердик кагылышуулардын негизги себеби болуп мамлекеттер ортосундагы аймактык талаш-тартыштар жана чек ара чыр-чатактары эсептелет.

Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй, көпчүлүк учурларда ар кандай согуштардын, аскердик кагылышуулардын негизги себеби болуп мамлекеттер ортосундагы аймактык талаш-тартыштар жана чек ара чыр-чатактары эсептелет. Кыргызстан эл аралык коомчулукта мамлекет аралык кызматташууну ийгиликтүү жүргүзүп келет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы төрт мамлекет менен чектешет. Облустардын ар бири чек ара аймагы болуп саналат жана республика боюнча сегиз гана район мамлекеттик чек ара менен чектешпейт.

Кыргыз Республикасы аймактык туруксуздук менен мүнөздөлгөн өлкөлөр менен курчалган. Ооганстандагы тыйылбаган согуштук аракеттер жана коңшу өлкөлөрдөгү аймактык чыр-чатактар эл аралык терроризмдин, баңги аткезчилигинин жана мыйзамсыз курал соода жүгүртүүнүн туруктуу булактарына айланды. Мындай татаал кырдаалдарда мамлекеттин чек ара коопсуздугун камсыз кылуу маселеси Кыргыз Республикасы үчүн өтө маанилүү болуп калды.

Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук жөнгө салуунун учурдагы кемчиликтери болуп мамлекеттик деңгээлде мамлекеттик чек ара саясатынын бардык чөйрөсүн камтыган жана чек ара коопсуздугун камсыздоого арналган программалардын жоктугу, чек ара коопсуздугун камсыздоо

Scanned with CamScanner

маселелеринде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын ишин укуктук жөнгө салуунун динамикалуу өзгөрүп жаткандыгына байланыштуу кемчиликтердин жоюлбагандыгы, чек аранын айрым тилкелери боюнча коңшу мамлекеттер менен чек ара сызыгынын такталбаганы саналат.

Мындай маселелердин негизги себептери болуп чек ара коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын ченем жаратуучу ишиндеги кемчиликтери. Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салуудагы негизги көйгөйлөрдү аныктоонун натыйжалуу ыкмаларынын жоктугу жана чек ара кызматынын мыйзам чыгаруу процессине катышпагандыгы, мыйзам жаратуу ишинде так максаттардын аныкталбагандыгы негизги себептердин бири.

Юридикалык илимде зыркы учурга чейин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы көйгөйлүү маселелерге арналган илимий изилдөө иштеринин өтө аздыгы диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу болуп саналат. Ошондой эле, чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмдерин жакшыртуу максатында илимий изилдөөлөрдү күчөтүү менен татаал экономикалык жана аскердик-саясий кырдаалда мамлекеттик чек араны натыйжалуу коргоонун концепциясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы ролун жогорулатуу керек.

Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун ченемдик укуктук базасы заманбап улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун талаптарына шайкеш келбейт жана кырдаалдын өнүгүшүн эске алуу менен Кыргыз Республикасы менен Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мүчө-өлкөлөрү үчүн чек ара коопсуздук тутумун андан ары өркүндөтүүгө муктаж.

Учурда улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун теориялык жана усулдук негиздерин, биринчи кезекте Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоонун концептуалдык негиздерин, өлкөнүн чек ара саясатынын моделдерин жана принциптерин иштеп чыгуунун маанисин жогорулатуу керек.

Чек ара коопсуздугун камсыздоонун натыйжалуу тутумун калыптандыруу, анын түзүмүн жана функцияларын өркүндөтүү учурдагы практикалык жана саясий мааниге ээ. Өлкөнүн чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун натыйжалуулугу көбүнесе анын иштөө механизминин үзгүлтүксүз иштешине жана андан ары өркүндөтүлүшүнө көз каранды.

Scanned with CamScanner

**2. Диссертацияларга карата коюлган талаптардын алкагындагы илимий натыйжалар.** Диссертациялык изилдөө ишинде юридикалык илимдеринин өнүгүшү үчүн олуттуу мааниге ээ төмөнкүдөй илимий негиздүү натыйжалар алынган:

**1-натыйжа.** Автордун мамлекеттик чек ара конституциялык түзүлүштүн негизги институту катары эгемендүүлүктү аныктоочу мамлекеттин белгилеринин борбордук элементи деген корутундусу негизделген. Изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын конституциялык-укуктук табиятын терең талдоонун негизинде, «мамлекеттик чек ара» түшүнүгүнө аныктамасы сунушталган.

**2-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугунун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөө аркылуу улуттук коопсуздуктун ажырагыс бөлүгү катары чек ара коопсуздугун терең түшүнүүгө, мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө маанилүү аспект катары баалап, терең изилдөө жүргүзгөн. Диссертант 2015-жылдын 16-майындагы № 98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине «чек ара коопсуздугу» түшүнүгүнө негиздүү автордук аныктамасын сунуштаган.

**3-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун ченемдик-укуктук актылардын жана ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын тутуму түзөөрүн белгилеп терең изилдөө алган. Натыйжада автор тарабынан чек ара коопсуздугунун укуктук камсыздоо концепциясына автордук аныктама иштелип чыккан.

**4-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин терең талдоонун негизинде, чек ара коопсуздугун камсыздоо концепциясын иштеп чыгуунун методологиясы боюнча бирдиктүү түшүнүккө келүүгө ченемдик-укуктук тутумун түзүү зарылчылыгы жөнүндө автордун корутундусу негизделген. Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү үчүн «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоо концепциясын» иштеп чыгуу жана кабыл алуу сунушталган.

**5-натыйжа.** Изденүүчү Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы ордун терең изилдеген. Чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн жана чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу жана санариптик инфратүзүмдү өркүндөтүү багыттары менен аныктаган.

Scanned with CamScanner

**6-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугун камсыз кылуу жана мамлекеттик чек ара саясатын ишке ашыруу тармагында башкаруу чечимдерин кабыл алууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын чөйрөсү аныкталган. Мамлекеттик органдардын чек араны кайтаруу жана коргоо иши чек ара коопсуздугун камсыздоонун ажырагыс бөлүгү катары автордун корутундусу негизделген. Буга ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин кеңейтүү жана укуктук жактан бекитүү максатында Конституциянын 91-беренесинин 1-бөлүмүнө толуктоолорду киргизүү сунушталган. Андан сырткары, Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн чек ара маселелери боюнча конституциялык жоопкерчилиги боюнча «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 24-беренесине толуктоолорду киргизүү сунушталган. Изденүүчү берген сунушун илимий иште аныктап, негиздеп бере алган.

**7-натыйжа.** Изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагын жакшыртуу максатында чек ара коопсуздугун камсыздоонун бирдиктүү тутумун жана чек ара органдарынын ишмердигин укуктук негизин түзүүчү мыйзам катары «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын статусу жөнүндө» жаңы мыйзамды кабыл алуунун зарылдыгы негизделген. Автор тарабынан мыйзамга чек ара коопсуздугунун субъекттеринин ишмердүүлүгүн өркүндөтүүгө багытталган жоболордун камтылыш негизделген. Ошондой эле, изденүүчү тарабынан Чек ара кызматынын ишин жакшыртуу жана укуктук статусун, анын негизги милдеттерин, принциптерин, ошондой эле чек ара кызматкерлерин укуктук жана социалдык жактан коргоо принциптерин так аныктоо максатында «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу сунушталган.

**3.Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун), тыянактарынын жана корутундусунун ишенимдүүлүгүнүн жана негиздүүлүгүнүн деңгээли.**

Диссертациялык изилдөөдө алынган натыйжалардын ишенимдүү жана негиздүү экендиги колдонулган методологиялык аппарат менен аныкталат:

**1-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, изденүүчү изилдөөдө мамлекеттик чек аранын укуктук табияты жана мааниси ченемдик-укуктук актылардын, илимий эмгектердин жана адабий булактардын кыйла тобун терең талдоонун негизинде көрсөтүлгөн.

Scanned with CamScanner

**2-натыйжа.** Жетиштүү түрдө негизделген, изденүүчү тарабынан чек ара коопсуздугун жөнгө салган мыйзамдарга чек ара коопсуздугу түшүнүгүнө аныктама берүү механизми негизделген. Аныктык, анткени ал изилденген теманы терең талдоонун натыйжасында алынган.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, изилдөөдө изденүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун конституцуиялык-укуктук камсыздоо түшүнүгүнө аныктама берүүдө, аныктык бир катар ченемдик-укуктук актыларды жана теориялык тыянактарды кылдат талдоого негизделген.

**4-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, анткени, Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин терең талдоодо бир катар теориялык-илимий көз караштарды, практикалык материалдарды, ченемдик-укуктук аткыларды терең талдоого негизделген.

**5-натыйжа.** Негиздүү, себеби Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун камсыз кылуудагы милдеттерин жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыккан. Автор, бул сунуштарды ченемдик-укуктук базаны жакшыртуу жана санариптик инфратүзүмдү өркүндөтүү боюнча ишке ашырылышы зарылдыгын негиздеп бере алган.

**6-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген, анткени, чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик органдардын конституциялык ыйгарым укуктарын жана милдеттерин жакшыртуу максатында, мисалы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы ишмердүүлүгүнүн конституциялык-укуктук негиздерин кеңейтүү жана укуктук жактан бекитүү максатында Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Президенттин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн чек ара маселелери боюнча конституциялык жоопкерчилиги боюнча «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» конституциялык мыйзамына жаңы сунуштарды киргизген.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү негизделген Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууну жакшыртуу боюнча сунуштамаларды иштеп чыккан. Изденүүчү тарабынан Чек ара коопсуздугун камсыздоонун бирдиктүү тутумун жана чек ара органдарынын ишмердигин укуктук негизин түзүүчү мыйзам катары «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын статусу жөнүндө» жаңы мыйзамды жана Чек ара кызматынын ишин жакшыртуу жана укуктук статусун, анын негизги милдеттерин, принциптерин, ошондой эле чек ара кызматкерлерин укуктук

Scanned with CamScanner

жана социалдык жактан коргоо принциптерин так аныктоо максатында «Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамын кабыл алуу боюнча жаңы негиздүү сунуштарды иштеп чыккан.

**4. Изденүүчүнүн диссертацияда келтирген ар бир натыйжасынын (илимий жобосунун) тыянактарынын жана корутундусунун жаңылыгынын деңгээли.**

Коргоого сунушталган натыйжалардын азыркы илимдин алкагында илимий жаңылыгы бар жана алар төмөнкүлөрдө камтылат.

**1-натыйжа.** Жыйынтык жаңы. Диссертациялык изилдөө ишинде автор «мамлекеттик чек ара» түшүнүгүнө аныктама берүүдө анын түпкү маңызын, максаттарын жана милдеттерин толук ачыктай ала турган критерийлер эске алынышы зарыл экендиги изилдөөнүн жүрүшүндө анык болгондугуна байланыштуу, изилденип жаткан чек ара коопсуздугун камсыздоого карата коюлган бардык негизги талаптарга жооп берген жаңы аныктама иштелип чыкты.

**2-натыйжа.** Илимий жаңылыгы диссертант тарабынан 2015-жылдын 16-майындагы № 98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 1-беренесине «чек ара коопсуздугу» түшүнүгүнө жаңы редакцияда аныктама берүүнү сунуштаган.

**3-натыйжа.** Илимий жаңылыгы чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумун конституциялык-укуктук негиздерин бирдиктүү изилдөөгө алынгандыгында жана чек ара коопсуздугунун укуктук камсыздоо концепциясына «чек ара коопсуздугун укуктук камсыздоо» түшүнүгүнө автордун жаңы аныктамасы сунушталган.

**4-натыйжа.** Жыйынтык жаңы. Автор тарабынан Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоону жакшыртуу боюнча «Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугу жөнүндө» концепциясын кабыл алуу жана анда жөнгө салынуучу маселелердин катарына буга чейин эске алынбай келген укуктук маселелерге байланыштуу болгон ченемдерди камтуу зарылдыгы тууралуу жаңы сунуштар берилген.

**5-натыйжа.** Жыйынтык жаңы. Диссертанттын илимий ишинде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Чек ара кызматынын чек ара коопсуздугун камсыздоо тутумундагы орду аныкталган жана чек ара кызматынын ишмердүүлүгүн, чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумун өркүндөтүү боюнча багыттар менен негизделген.

Scanned with CamScanner

**6-натыйжа.** Илимий жаңылыгы автор тарабынан изилдөөдө чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагындагы мамлекеттик бийлик органдарынын бирдиктүү тутумун түзүү негизделгендигинде жана мамлекеттик органдарынын органдарынын ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча сунуштардын берилгендиги.

**7-натыйжа.** Илимий жаңылыгы автор тарабынан Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыздоо тармагын жакшыртуу жана бул тармакты жөнгө салган мыйзамдардагы кемчиликтерди жана боштуктарды жок кылуу максатында илимий негиздүү жаңы сунуштар иштелип чыккандыгында.

**5. Алынган натыйжалардын ички биримдигин жана тийиштүү актуалдуу көйгөйдү, теориялык жана практикалык милдетти чечүүгө багытталгандыгын баалоо.**

Диссертациялык изилдөө ишинин бирден бир өзгөчөлүгү, жогоруда баяндалган маселелердин негизинде азыркы учурда мамлекеттик чек аранын азыркы илиминин алдында турган артыкчылыктуу милдеттери болуп чек ара коопсуздугун камсыз кылуу тутумундагы мамилелерди укуктук жөнгө салуунун ролун жана өзгөчөлүктөрүн, абалын илимий-укуктук жактан талдоо жүргүзүү максатында жана Кыргыз Республикасы өзүнүн көз карандысыздыгын алгандан кийин жана алганга чейин деле укук таануу илиминде чек ара коопсуздугунун маанисин, мүнөздөрүн жана юридикалык өзгөчөлүктөрүн ачып берген илимий иштин жоктугуна байланыштуу, автор тарабынан Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздеринин көйгөйлүү маселелерин аныктаган жана талдоого алган жана жаңы сунуштарды иштеп чыккан.

Изилдөөнүн планы логикалык ырааттуулукта түзүлүү менен коюлган суроолор диссертант тарабынан компетентүү, илимий жана укуктук – ченемдик негизде чечмеленген.

Диссертациялык иштин түзүмү илимий изилдөөнүн логикасына туура келет, анын максаты жана милдеттери менен аныкталган. Ар бир иштелип чыккан бөлүмдөрдүн мазмуну максаттуу ички биримдик менен мүнөздөлөт. Диссертациялык иштеги материалдарды жазуу логикалык ырааттуулук жана жыйынтыкталгандык менен коштолот. Диссертант Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздерин изилдөөгө жана өнүктүрүүгө кошкон зор салымы үчүн окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп бир добуш менен аныкталды.

Scanned with CamScanner

**6. Диссертацияда баяндалган жыйынтыктарды алууга изденүүчүнүн конкреттүү жеке катышуусу.**

Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктарын алууда изденүүчүнүн Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинде эмгектенип келгендиги менен тастыкталат. Диссертациялык иштин негизги жоболору жана натыйжалары Кыргыз Республикасы менен чет өлкөлүк мезгилдүү басылмаларында илимий макалалар түрүндө чагылдырылган. Диссертацияда камтылган жоболор, тыянактар жана сунуштар автордун кызматтык милдетин аткарууда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек араны делимитациялоо жана демаркациялоо процессинде, мамлекеттик чек арага тиешелүү маселелерди жөнгө салуучу мамлекеттик чек ара жөнүндө мыйзамдарды жана укуктук актыларды даярдоого берген сунуштары менен негизделет.

**7. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын, тыянактарын, корутундусун жарыялоо жана ырастоо.**

Диссертациялык теманын алкагында жүргүзүлгөн изилдөө ишинин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясы тарабынан кеңеш берилген бир катар ата мекендик жана РИНЦ базасында индекстелген басылмаларда төмөнкү илимий макалаларда чагылдырылган:

1. Алимбеков А.А. Кыргыз Республикасында мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуунун укуктук механизмдери [Текст] / А.А. Алимбеков // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. – №3. – Б. 130-133. – Көрүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=54828229
2. Алимбеков А.А. Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматынын улуттук коопсуздукту камсыз кылуудагы орду. [Текст] / А.А. Алимбеков // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2023. – №3. – Б. 134-137. – Көрүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=54828231
3. Алимбеков А.А. Кыргыз Республикасында чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн чек ара саясатын ишке ашыруунун конституциялык негиздери [Текст] / А.А. Алимбеков // Alatoo Academic Studies. – 2024. – №2. – Б. 177-179. – Көрүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=68549393
4. Алимбеков А.А. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын конституциялык-укуктук макамына ааламдашуу шартынын тийгизген таасири [Текст] / А.А. Алимбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – №3. (Март) – Стр. 126-129– Көрүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=75097205

Scanned with CamScanner

5. Алимбеков А.А. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын делимитациялоо жана демаркациялоо маселелериндеги укуктук көйгөйлөр [Текст] / А.А. Алимбеков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2024. – №3. (Март) Стр. 130-134. – Көрүү режими: https://www.elibrary.ru/item.asp?id=75097206
6. Алимбеков А.А. Правовые проблемы обеспечения пограничной безопасности и охраны государственной границы в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Алимбеков // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №5-1 (92). – Стр. 15-19. – Көрүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=67875173
7. Алимбеков А.А. Влияние внешней миграции на обеспечение пограничной безопасности в Кыргызской Республике [Текст] / А.А. Алимбеков // Международный журнал гуманитарных и естественных наук. – 2024. – №5-6(93). Стр. 131-136 – Көрүү режими: https://elibrary.ru/item.asp?id=68436460

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине дал келет. Авторефераттын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**9. Диссертациянын мазмуну жана аны жол-жоболоштуруу боюнча эскертүүлөр.**

Диссертациялык изилдөө изденүүчү тарабынан илимий деңгээлде өз алдынча аткарылган жана аягына чыгарылган илимий-изилдөөчүлүк эмгек болуп саналат. Диссертациялык иш менен таанышуу учурунда айрым эскертүүлөр аныкталды:

1. Диссертациялык изилдөө ишинде практикалык материалдар азыраак колдонулганы байкалат. Диссертант чек ара органдарынын практикалык материалдарын пайдаланса диссертациялык иш мындан дагы жогорку деңгээлде болмок.

2. Диссертацияда чет өлкөлөрдүн чек ара мыйзамдарына кененирээк салыштырма-укуктук талдоо берилген эмес.

Албетте аталган илимий изилдөө ишине каалоо иретинде айтылган сын-пикирлер анчалык деле мүнөзгө ээ эмес. Бирок, автор тарабынан мындай сын пикирлер диссертациялык иште эске алынганда изилдөө ишинин маани-маңызы мындан дагы жогору болмок.

**10. Диссертациянын Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук**

Scanned with CamScanner

**даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Жобосуна ( 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Кыргыз Республикасынын Президентинини Жарлыгы менен бекитилген) ылайык келиши.**

Жалпысынан алганда Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы диссертациялык иши 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистигине жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө» Жобосуна ( 2022-жылдын 18-январындагы ПЖ №12 Кыргыз Республикасынын Президентинини Жарлыгы менен бекитилген) ылайык келет жана илимий иштерге карата коюлган баардык талаптарга толук жооп берет.

**11. Юридикалык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сунуштар.**

Диссертациялык изилдөө иши диссертант тарабынан өз алдынча аткарылган жана илимдин тийиштүү тармагы үчүн олуттуу мааниге ээ болгон милдеттерди чечүүгө багытталган илимий-квалификациялык иш болуп саналат. Диссертациялык ишти изденүүчүнүн конституциялык укук илимине өнүгүшүнө кошкон жеке салымы катары кароого болот.

Жалпысынан Алимбеков Алмаз Акматалиевичтин «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын коопсуздугун камсыздоонун конституциялык-укуктук негиздери» темасындагы кандидаттык диссертациясы коюлган баардык талаптарга жооп берет, ал эми анын автору 12.00.02 – конституциялык укук, муниципалдык укук адистиги боюнча юридикалык илимдин кандидаты деген окумуштуулук даражаны ыйгарууга татыктуу деп эсептейм.

**Оппонент,**
**Кыргызстан Эл аралык университетинин**
**«Юриспруденция жана Эл аралык укук»**
**кафедрасынын доценти,**
**юридика илимдеринин кандидаты** **Кожомбердиев Б.К.**

***Кол тамгасы тастыкталат:***

Б.К. Кожомбердиевдин кол тамгасы тастыкталат
Кызматкерлерди башкаруу бөлүмүнүн башчысы
Абдракманова
13.01.2025 ж.

Scanned with CamScanner